№19 (3572) Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

# Эркин-Тоо

Жума,
2024-жылдын
8-марты

www.erkin-too.kg

# МАЙРАМЫҢЫЗДАР МЕНЕН, АСЫЛЗААДА АЙЫМДАР!



## Куттуу болсун 8-мартыңар!

*Ар бир жылдын өз алдынча даңкы бар,*
*Ар бир айдын өз алдынча баркы бар.*
*Күлүп-жайнап гүлдөгүлө жалпыңар,*
*Куттуу болсун 8-мартыңар!*

*Силер бизге Күн да болуп, Ай болуп,*
*Силер бизге эне болуп, жар болуп,*
*Жүргөн үчүн жүзүңөрдү жаркытып,*
*Силер менен биз жүрөбүз бар болуп.*

*Силерге айтаар өтүнүчүм, талабым,*
*Ыксыз болсо кечиргиле а жагын...*
*Келжиреген кем акылын сейрек туул,*
*Эстүүлөрүн көп туугула баланын.*

*Силер менен гүлдөп өсту заманым,*
*Силерге мен коёр да бир талабым,*
*Жатып ичер жалкоолорун сейрек туул,*
*Эмгекчилин көп туугула баланын.*

*Оо аялдар, бирөөң жыттуу миң гүлдөн,*
*Сулуусуңар суктандырып сүйдүргөн.*
*Эриш-аркак кайда болсо ээрчишип,*
*Эсен болсун эркегиңер бир жүргөн.*

**Байдылда САРНОГОЕВ,**
**Кыргыз эл акыны**

***Урматтуу айымдар!***

*Сиздерди 8-март Аялдардын эл аралык күнү менен куттуктайбыз! Аялзаты турмуштун туткасын бекем кармап, каруусун казык кылып, коломтодогу отту өчүрбөй, бир колу менен үй-бүлөнүн, мамлекеттин түйшүгүн көтөрүп, бир колу менен бешик терметип, өмүр сапарыбызга өбөк болуп келе жатышат.*

*Назик жүрөктөрдө ар дайым жылуулук, сүйүү байыр алып, жашоодо ырахатка балкып, жакындарыңыздын мээримине бөлөнүп, уурттуңуздардан күлкү кетпей, өмүрдүн таттуу күндөрүнүн даамын татып, узак жашаңыздар. Түбөлүгүбүз түз болуп, түпкүлүктүү элибиздин сыймыгына бөлөнүп жүрө бериңиздер!*

# ЭЛЕКТР ЭНЕРГИЯСЫН ҮНӨМДӨЙЛҮ

***Президент Садыр Жапаров "Кабар" маалымат агенттигине маек куруп, өлкөдө электр энергиясын берүүдөгү чектөөлөр тууралуу түшүндүрмө берди. Токтогул ГЭСинин 1-агрегатын жана Үч-Коргон ГЭСинин 4-агрегатын реконструкциялоо үчүн 5-марттан тарта токтотулганын айтып, электр энергиясын пайдаланууга убактылуу чектөөлөрдү киргизүү зарылдыгы келип чыкканын белгиледи.***



"Мүмкүнчүлүктөн пайдаланып ушул энергетика тармагында болуп жаткан көйгөйлөр жөнүндө элжуртка толук маалымат берип, түшүндүрө кетейин. Токтогул ГЭСинин биринчи агрегаты 1975-жылы ишке берилген экен. Башкача айтканда, дээрлик элүү жылдан бери иштеп келет. Бир да жолу капиталдык оңдоодон өткөн эмес. Демек, жараксыз абалга кептелген десек болот. Негизги иштөө мөөнөтүнүн кепилдиги 30 жылды түзөт.

Ал эми биз 50 жылдан бери тынымсыз жана үзгүлтүксүз колдонуп келе жатабыз. Ошондуктан Токтогул ГЭСинин 1-гидроагрегатын 5-марттан тарта реконструкциялоо үчүн токтоттук. Кышка чейин оңдоодон өткөрүп алсак, 60 МВт кошулат. 2-4-гидроагрегаттарын 2022-2023-жылдан бери капиталдык оңдоодон өткөрүп алганбыз. 3-агрегатын эмдиги жылы капиталдык оңдоодон өткөрөбүз. Ошону менен Токтогул ГЭСи дагы 40-50 жыл Кыргызстан элине былк этпей кызмат кылып берет.

Капиталдык оңдоолордун пайдасынан 240 МВт кошумча электр энергиясы кошулат. Мындан сырткары, "Үч-Коргон" ГЭСи дагы 1962-жылы ишке киргизилгенден бери бир да жолу оңдолгон эмес. ГЭСтин стандарттык иштөө мөөнөтү 30 жыл болсо, анын мөөнөтү 1992-жылы эле аяктаган. ГЭСтин жабдуулары жана гидротехникалык курулуштары эскирип, дээрлик жараксыз абалга келиптир. Ушуга байланыштуу "Үч-Коргон" ГЭСин модернизациялоо дагы өтө маанилүү.

5-марттан баштап "Үч-Коргон" ГЭСинин 4-гидроагрегатын реконструкциялоо үчүн токтотуп жатабыз. Ушул иштерге байланыштуу электр станциялардын учурдагы кубаттуулугу 290 МВт саатка азаят. Мындай кырдаалда энергетика системасындагы тиешелүү болгон 290 МВт саат электр энергиясынын тартыштыгы пайда болуп, бул өлкө керектөөчүлөрүнө электр энергиясын пайдаланууга убактылуу чектөөлөрдү киргизүү зарылдыгы келип чыгат.

Электр энергиясы эң көп керектелген эртең мененки жана кечки маалдарда аны колдонууга чектөөлөр киргизилет. Бул иштерди келерки күз-кыш мезгилине даярдык көрүү катары түшүнүү керек. Электр объектисин өчүрүү менен иштер жүргүзүлсө, алдын ала социалдык тармактар жана жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу элге убактылары жөнүндө маалымат берилет. Биз баарыбыз бир нерсени жакшы түшүнүшүбүз керек.

30 жылда бир дагы кошумча ГЭС курулган эмес. Элдин саны эки эсеге жакын өстү. Жыл сайын энергетикалык керектөөлөр өсүп жатат. Үйлөр, мектептер, бала бакчалар жана башка социалдык, инфратүзүмдүк объектилер салынууда. Анын баарына эле ар кыл деңгээлде кошумча электр кубаттуулугу керек да.

Мындан сырткары, кышкысын 3 миллиард кВт- саат электр энергиясын кошуна өлкөлөрдөн импорт кылып жатабыз. Суунун башында туруп, электр энергиясын импорттогонубуз өтө уят нерсе. Муну биз 30 жыл алдын ала эле ойлонуп, намысыбызга келишибиз керек эле. Эң жок дегенде, жылына 50 МВттык ГЭСтерди куруп келгенибизде, бүгүн мындай көйгөй жаралбайт эле" - деди Президент.

# ТӨРАГАНЫН БРИТАНИЯДАГЫ САПАРЫ

***Жогорку Кеңештин Төрагасы Нурланбек Шакиев Улуу Британияга расмий иш сапары менен барды. Бул тарыхый сапар Кыргызстан эгемендүүлүк алган жылдардан бери алгач ирет уюштурулду.***



Төрага Нурланбек Шакиев Улуу Британиядагы иш сапарынын алкагында аталган өлкөнүн парламентиндеги Кыргызстан боюнча партиялар аралык парламенттик топтун жетекчиси Роберт Стюарт менен жолугушуп, кызматташтыкты мындан ары да кеңейтүү маселелери талкууланды. Тарыхый сапардагы маанилүү маалымат катары Оксфорд университетинде кыргыз тилин окууну каалагандар үчүн курс ачылары айтылды.

Мындан сырткары, Нурланбек Шакиев Лондон шаарында Улуу Британиянын жана Түндүк Ирландиянын Парламентинин Общиналар палатасынын Төрагасы Линдси Харви Хойл менен жолугушуп, эки өлкө ортосундагы саясий-экономикалык, маданий-гуманитардык алакаларды арттыруу, парламенттер аралык кызматташтыкты кеңейтүү маселелерин талкуулады. Инвестиция жаатындагы кызматташтыкты кеңейтүү маселелери да айтылып, экологияга зыян алып келбеген заманбап технологияларды Кыргызстандагы өндүрүштөрдө колдонуу мүмкүнчүлүгү боюнча иш алып баруу зарылчылыгы белгиленди.

Ошондой эле Төрага Нурланбек Шакиев Улуу Британиянын тышкы иштер боюнча мамлекеттик министри Лорд Ахмад Тарики менен жолугушуп, эки өлкө ортосундагы саясий-экономикалык, маданий-гуманитардык кызматташтык, айрыкча соода байланыштарын чыңдоо маселелери менен бөлүшүштү.



# УЛУТТУК АРТЫКЧЫЛЫКТАР ЖАНА КЫЗЫКЧЫЛЫКТАР

***Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров БУУнун Башкы катчысынын жардамчысы, Бириккен Улуттар Уюмунун Өнүктүрүү Программасынын (БУУӨП) администраторунун жардамчысы, БУУӨПтүн Европа жана КМШ өлкөлөрү боюнча Регионалдык бюросунун директору Ивана Живкович менен жолугушту.***

Анда Акылбек Жапаров Кыргызстандын БУУӨП менен тыгыз өнөктөштүгүн жана уюмдун өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүүсү боюнча реформаларды жана программаларды колдоорун белгиледи. Улуттук артыкчылыктарды жана кызыкчылыктарды эске алуу менен 2030-жылга чейин БУУнун Туруктуу өнүктүрүү максаттарына жана 2050-жылга чейин жашыл өнүгүү платформасында көмүртектин нейтралитетине жетишүү милдеттемелери ырасталды.

# Акылбек Жапаров окуучуларга сабак өттү

***Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров өлкөнүн бардык аймактарынан катышкан 217 мектептин 4 миңден ашуун окуучусуна онлайн сабак өткөрдү.***

"Мектептеги убактыңызды туура пайдаланып, чет тилдерди үйрөнүп, пайдалуу адаттарды өнүктүрүүңүздөрдү каалайм. Биз Бишкек шаарында болобу, республиканын алыскы аймактарында болобу, мектептерде билим берүүнүн сапаты бирдей жогору деген милдетти койдук. Биз европалык стандарттарга жооп берген мектептерди курабыз. Былтыр 100 мектеп пайдаланууга берилген болсо, быйыл жаңы мектептерди куруу иштери улантылат", - деди Акылбек Жапаров.

# Германиядан инвесторлор келди

***Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров Германия Федеративдүү Республикасынан келген ишкерлер делегациясы менен жолукту.***

Делегация Кыргызстанга кызматташтыкты улантуу, өнүктүрүү жана энергиянын кайра жаралуучу булактары тармагындагы өлкөнүн потенциалын изилдөө максатында келген.

Тараптар энергиянын кайра жаралуучу булактары жаатындагы долбоорлорду өнүктүрүү, атап айтканда, күн электр станциясын куруу жана мындан аркы инвестициялык кызматташуунун келечегин талкуулашты.

# Миграция орчундуу көйгөй

***Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары Эдил Байсалов Эл аралык миграциялык саясат борборунун аткаруучу директору Михаэл Шпинделлегер менен жолукту.***

Анда Борбор Азиядагы чек араны башкаруу жана мигранттарды коргоого көмөктөшүү жаатында Европа Биримдиги тарабынан каржыланган биргелешкен долбоорлор талкууланды.

# "ПОЧТА БАНКЫ" АЧЫЛАТ

***Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров "Почта-банкын" ачуу перспективаларын талкуулоо боюнча кытайлык "Sichuan Hongxinde Equity Investment Fund Management Co., Ltd" компаниясы менен жолугушту.***



2024-жылдын январында тараптар ортосунда биргелешкен инвестициялоо боюнча алкактык келишимге кол коюлган. Ага ылайык, Почта банкы ачылгандан кийин Кыргыз Республикасынын аймагында бизнес-процесстерди автоматташтыруу жана санариптештирүү, жарандар үчүн жеткиликтүү социалдык багыттагы көп функционалдуу калкты жана ишкерлерди тейлөө борборлорун түзүү аркылуу «Кыргыз почтасы» ААКга таандык объекттерди модернизациялоо, реконструкциялоо же куруу ишке ашырылат.

**Кылычбек КУДАЙБЕРГЕНОВ**

## МАМЛЕКЕТТИК МЕНЧИКТИ МЕНЧИКТЕШТИРҮҮ МАСЕЛЕЛЕРИ БОЮНЧА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АЙРЫМ МЫЙЗАМ АКТЫЛАРЫНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2024-жылдын 29-февралында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган*

**1-берене**

"Кыргыз Республикасында мамлекеттик менчикти менчиктештирүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2002-ж., №3,123-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) Мыйзамдын бүткүл тексти боюнча ар кандай жөндөмө формаларындагы "Өкмөт" деген сөз "Министрлер Кабинети" деген сөздөргө тиешелүү жөндөмөлөрдө алмаштырылсын;

2) 3-статьяда:

а) биринчи бөлүк төмөнкүдөй мазмундагы он биринчи жана он экинчи абзацтар менен толукталсын:

"Кыргыз Республикасынын жарандык мыйзамдарында, Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жөнүндө мыйзамдарында, Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза жана кылмыш-жаза процессуалдык мыйзамдарында каралган негиздер боюнча мамлекеттик менчикке өткөн объекттерди ээликтен ажыратууга. Ушул абзацта көрсөтүлгөн мамлекеттик менчикти ээликтен ажыратуунун тартиби Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат;

Кыргыз Республикасынын инвестициялар жөнүндө мыйзамдарына ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин жана инвестордун ортосунда тикелей сүйлөшүүлөр жолу менен түзүлгөн инвестициялык макулдашууну ишке ашыруунун алкагында мамлекеттик менчиктин объекттерин ээликтен ажыратууга.";

б) 2-бөлүк төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"Ушул статьянын биринчи бөлүгүндө көрсөтүлгөн мамлекеттик мүлктү ээликтен ажыратуу, Кыргыз Республикасынын стратегиялык объекттерин жана ушул статьянын биринчи бөлүгүнүн он биринчи абзацында көрсөтүлгөн объекттерди кошпогондо, Кыргыз Республикасынын башка мыйзам актылары менен жөнгө салынат.".

3) 4-статьяда:

а) 1-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"1. Мамлекеттин менчигинде турган мүлктү менчиктештирүү Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан бекитилүүчү Мамлекеттик мүлктү менчиктештирүү программасына ылайык жүзөгө ашырылат.

Мамлекеттин менчигинде турган стратегиялык объекттерди менчиктештирүү Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши менен макулдашуу боюнча жүзөгө ашырылат.";

б) 3-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын;

"3. Менчиктештирүү программасы белгилүү бир календардык мөөнөткө кабыл алынат жана ал кезектеги мөөнөткө бекиткен учурга чейин колдонулат. Менчиктештирүү программасынын колдонуу мөөнөтү аяктагандан кийин мамлекеттик мүлктү башкаруу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине анын аткарылышынын жыйынтыктары жөнүндө отчет киргизет, аны өзүнүн расмий интернет-сайтына ачык жеткиликтүү жайгаштырат жана тиешелүү маалыматтарды Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине берет.".

4) 9-статьянын экинчи бөлүгүндө "Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши менен макулдашуу боюнча" деген сөздөр алып салынсын.

5) $20^1$-статья төмөнкүдөй мазмундагы экинчи бөлүк менен толукталсын:

"Ушул Мыйзамдын 14-статьясынын экинчи бөлүгүндө көрсөтүлгөн учурдан тышкары, түз сатуу усулу менен мамлекеттик мүлктү менчиктештирүү төмөнкү учурларда колдонулат;

- жабык акционердик коомдун акционери же жабык акционердик коомдун өзү тарабынан жабык акционердик коомдун уставдык капиталындагы мамлекетке таандык акцияларды артыкчылыктуу сатып алуу укугу боюнча сатып алууда;

- жоопкерчилиги чектелген коомдун катышуучусу тарабынан жоопкерчилиги чектелген коомдун уставдык капиталындагы мамлекетке таандык катышуу үлүшүн артыкчылыктуу сатып алуу укугу боюнча сатып алууда.";

6) Мыйзам төмөнкүдөй мазмундагы $20^3$-статья менен толукталсын;

"$20^3$-статья. Акциялардын мамлекеттик пакети бар акционердик коомдун кошумча чыгарылган акцияларын жайгаштыруунун өзгөчөлүктөрү

Уставдык капиталында мамлекетке таандык акциялары бар акционердик коомдун акцияларын кошумча чыгаруу маселелери баалуу кагаздар рыногу жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана акционердик коомдор жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен жөнгө салынат.

Мамлекеттик мүлктү башкаруу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган акционер катарында демилгелеген акционердик коомдун акцияларынын кошумча эмиссиясы жөнүндө чечим жана кошумча чыгарылган акцияларды сатып алуунун артыкчылыктуу укугун колдонбоо жөнүндө кийинки чечим Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети менен макулдашылууга тийиш.".

**2-берене**

"Ишкерлердин укуктарын коргоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2001-ж., №1, 1-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 6, 15, 16, 17 жана 18-беренелерде ар кандай жөндөмө формаларындагы "Өкмөтү" деген сөз "Министрлер Кабинети" деген сөздөргө тиешелүү жөндөмөлөрдө алмаштырылсын.

2) 20-беренеде:

а) биринчи бөлүктө "боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши бекиткен Программа жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына" деген сөздөр "жөнүндө мыйзамдарга" деген сөздөргө алмаштырылсын.

б) экинчи бөлүктө "Өкмөтү" деген сөз "Министрлер Кабинети" деген сөздөргө алмаштырылсын.

3) 25-статьяда "Өкмөтүнүн" деген сөз "Министрлер Кабинетинин" деген сөздөргө алмаштырылсын.

**3-берене**

"Транспорт жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ведомосттору, 1998-ж., №12, 498-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 3-статьянын төртүнчү бөлүгүндө "Кыргыз Республикасынын Өкмөтү иштеп чыккан жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши бекиткен программа боюнча" деген сөздөр "мамлекеттик менчикти менчиктештирүү жана стратегиялык объекттер жөнүндө мыйзамдарга ылайык" деген сөздөргө алмаштырылсын;

2) 5, 7, 15 жана 20-статьяларда ар кандай жөндөмө формаларындагы "Өкмөтү" деген сөз "Министрлер Кабинети" деген сөздөргө тиешелүү жөндөмөлөрдө алмаштырылсын.

**4-берене**

"Кыргыз Республикасынын стратегиялык объектилери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2008-ж., №5,469-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 2 жана 3-беренелерде ар кандай жөндөмө формаларындагы "Өкмөтү" деген сөз "Министрлер Кабинети" деген сөздөргө тиешелүү жөндөмөлөрдө алмаштырылсын.

2) 4-беренеде:

а) биринчи бөлүктө "Өкмөтү" деген сөз "Министрлер Кабинети" деген сөздөргө алмаштырылсын;

б) экинчи бөлүк төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"Мамлекеттин менчигинде турган стратегиялык объекттерди менчиктештирүү Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши менен макулдашуу боюнча жүзөгө ашырылат.";

3) 5-беренеде "Өкмөтү" деген сөз "Министрлер Кабинети" деген сөздөргө алмаштырылсын.

**5-берене**

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2023-жылдын 1-мартындагы №999-VII токтому менен бекитилген 2023–2025-жылдарга Кыргыз Республикасында мамлекеттик менчикти менчиктештирүү программасына өзгөртүүлөрдү киргизүү Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомун кабыл алуу аркылуу жүзөгө ашырылат.

**6-берене**

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 6-марты, №67***

### ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## О ВНЕСЕНИИ ИЗМЕНЕНИЙ В НЕКОТОРЫЕ ЗАКОНОДАТЕЛЬНЫЕ АКТЫ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ ПО ВОПРОСАМ ПРИВАТИЗАЦИИ ГОСУДАРСТВЕННОЙ СОБСТВЕННОСТИ

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 29 февраля 2024 года*

**Статья 1**

Внести в Закон Кыргызской Республики «О приватизации государственной собственности в Кыргызской Республике» (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2002 г., №3, ст. 123) следующие изменения:

1) по всему тексту Закона слово «Правительство» в различных падежных формах заменить словами «Кабинет Министров» в соответствующих падежах;

2) в статье 3:

а) часть первую дополнить абзацами одиннадцатым и двенадцатым следующего содержания:

«на отчуждение объектов, перешедших в государственную собственность по основаниям, предусмотренным гражданским законодательством Кыргызской Республики, законодательством Кыргызской Республики о правонарушениях, уголовным и уголовно-процессуальным законодательством Кыргызской Республики.

Порядок отчуждения государственного имущества, указанного в настоящем абзаце, определяется Кабинетом Министров Кыргызской Республики;

на отчуждение объектов государственной собственности в рамках реализации инвестиционного соглашения между Кабинетом Министров Кыргызской Республики и инвестором, заключенного путем прямых переговоров в соответствии с законодательством Кыргызской Республики об инвестициях.»;

б) часть вторую изложить в следующей редакции:

«Отчуждение государственного имущества, указанного в части первой настоящей статьи, за исключением стратегических объектов Кыргызской Республики и объектов, указанных в абзаце одиннадцатом части первой настоящей статьи, регулируется другими законодательными актами Кыргызской Республики.»;

3) в статье 4:

а) пункт 1 изложить в следующей редакции:

«1. Приватизация находящегося в государственной собственности имущества осуществляется в соответствии с утверждаемой Кабинетом Министров Кыргызской Республики Программой приватизации государственного имущества.

Приватизация стратегических объектов, находящихся в государственной собственности, осуществляется по согласованию с Жогорку Кенешем Кыргызской Республики.»;

б) пункт 3 изложить в следующей редакции:

«3. Программа приватизации принимается на определенный календарный срок и действует до момента ее утверждения на очередной срок. По истечении срока действия Программы приватизации уполномоченный орган в сфере управления государственным имуществом вносит в Кабинет Министров Кыргызской Республики отчет об итогах ее выполнения, размещает его в открытом доступе на своем официальном интернет-сайте и представляет соответствующую информацию в Жогорку Кенеш Кыргызской Республики.»;

4) в части второй статьи 9 слова «по согласованию с Жогорку Кенешем Кыргызской Республики» исключить;

5) статью $20^1$ дополнить частью второй следующего содержания:

«Помимо случая, указанного в части второй статьи 14 настоящего Закона, приватизация государственного имущества методом прямой продажи применяется в следующих случаях:

- покупка акционером закрытого акционерного общества или самим закрытым акционерным обществом принадлежащих государству акций в уставном капитале закрытого акционерного общества по праву преимущественной покупки;

- покупка участником общества с ограниченной ответственностью принадлежащей государству доли участия в уставном капитале общества с ограниченной ответственностью по праву преимущественной покупки.»;

6) Закон дополнить статьей $20^3$ следующего содержания:

«Статья $20^3$. Особенности размещения дополнительного выпуска акций акционерного общества с государственным пакетом акций

Вопросы дополнительного выпуска акций акционерного общества, в уставном капитале которого имеются принадлежащие государству акции, регулируются законодательством Кыргызской Республики о рынке ценных бумаг и законодательством Кыргызской Республики об акционерных обществах.

Решение о дополнительной эмиссии акций акционерного общества, инициируемое уполномоченным государственным органом в сфере управления государственным имуществом в качестве акционера, и последующее решение о неприменении преимущественного права приобретения акций дополнительного выпуска подлежат согласованию с Кабинетом Министров Кыргызской Республики.».

**Статья 2**

Внести в Закон Кыргызской Республики «О защите прав предпринимателей» (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2001 г., №1, ст. 1) следующие изменения:

1) в статьях 6, 15, 16, 17 и 18 слово «Правительство» в различных падежных формах заменить словами «Кабинет Министров» в соответствующих падежах;

2) в статье 20:

а) в части первой слова «Программой приватизации государственной собственности, утвержденной Жогорку Кенешем Кыргызской Республики, и законодательством Кыргызской Республики» заменить словами «законодательством о приватизации государственной собственности»;

б) в части второй слово «Правительством» заменить словами «Кабинетом Министров»;

3) в статье 25 слово «Правительства» заменить словами «Кабинета Министров».

**Статья 3**

Внести в Закон Кыргызской Республики «О транспорте» (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 1998 г., №12, ст. 498) следующие изменения:

1) в части четвертой статьи 3 слова «по концепции, разработанной Правительством Кыргызской Республики и утверждаемой Жогорку Кенешем Кыргызской Республики» заменить словами «в соответствии с законодательством о приватизации государственной собственности и стратегических объектах»;

2) в статьях 5, 7, 15 и 20 слово «Правительство» в различных падежных формах заменить словами «Кабинет Министров» в соответствующих падежах.

**Статья 4**

Внести в Закон Кыргызской Республики «О стратегических объектах Кыргызской Республики» (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2008 г., №5, ст. 469) следующие изменения:

1) в статьях 2 и 3 слово «Правительство» в различных падежных формах заменить словами «Кабинет Министров» в соответствующих падежах;

2) в статье 4:

а) в части первой слово «Правительство» заменить словами «Кабинет Министров»;

б) часть вторую изложить в следующей редакции:

«Приватизация стратегических объектов, находящихся в государственной собственности, осуществляется по согласованию с Жогорку Кенешем Кыргызской Республики.»;

3) в статье 5 слово «Правительству» заменить словами «Кабинету Министров».

**Статья 5**

Внесение изменений в Программу приватизации государственной собственности в Кыргызской Республике на 2023–2025 годы, утвержденную постановлением Жогорку Кенеша Кыргызской Республики от 1 марта 2023 года №999-VII, осуществляется посредством принятия постановления Кабинета Министров Кыргызской Республики.

**Статья 6**

Настоящий Закон вступает в силу со дня официального опубликования.

**Президент**
**Кыргызской Республики** **С.ЖАПАРОВ**

***г. Бишкек, 6 марта 2024 года, №67***

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН ТОКОЙ ЧАРБАСЫ ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ АЙРЫМ ТОКТОМДОРУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

## ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Токой кызматынын ишин уюштуруу жана Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 25-декабрындагы №354 “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин түзүмүнө өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Жарлыгын ишке ашыруу максатында, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигине караштуу Токой кызматы Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Токой кызматы болуп кайра аталсын.

**2.** Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Токой кызматы жөнүндө жобо ушул токтомдун 1-тиркемесине ылайык бекитилсин.

**3.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 6-августундагы №116 “Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигинин ведомстволук бөлүмдөрү жана уюмдары жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

- 3-пункттун 3-пунктчасы күчүн жоготту деп таанылсын.

**4.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №262 “Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин айрым маселелери жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлиги жөнүндө жободо:

- 1-пунктта “мамлекеттик материалдык резерв тутумун башкаруу” деген сөздөр “мамлекеттик материалдык резерв тутумун, токой чарбасын башкаруу” деген сөздөргө алмаштырылсын;

- 2-пункт “Жарандык коргонуу” деген сөздөрдөн кийин “, токой чарбасын башкаруу” деген сөздөр менен толукталсын;

- 9-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“9. Министрликтин ишинин максаты Жарандык коргонуу, өрт коопсуздугу, токой чарбасы, суу объекттеринде адамдардын коопсуздугу жана гидрометеорология жаатында бирдиктүү мамлекеттик саясатты иштеп чыгуу жана ишке ашыруу, Жарандык коргонуу, өрт коопсуздугу, токой чарбасы жаатындагы ченемдердин жана талаптардын сакталышын камсыздоого мамлекеттик көзөмөл жана контроль жүргүзүү, мамлекеттик материалдык резерв тутумунун туруктуу иштөөсүн камсыз кылуу болуп саналат.”;

- 10-пункт төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын:

“- токой чарбасын башкаруу, токойлорду сактоо, калыбына келтирүү жана пайдалануу чөйрөсүндө саясатты ишке ашыруу жана жөнгө салуу, ошондой эле токой ресурстарын, анын ичинде токой аңчылык жайгаштырууну эсепке алуу, алардын абалын баалоо.”;

-11-пунктта:

1-пунктчада:

экинчи абзац “Жарандык коргонуу” деген сөздөрдөн кийин “, токой чарбасы” деген сөздөр менен толукталсын;

төмөнкүдөй мазмундагы абзацтар менен толукталсын:

“- Министрликтин карамагында турган токой чарбасын өнүктүрүү боюнча ишти уюштурат;

- токой экосистемаларын өнүктүрүү чөйрөсүндөгү эл аралык глобалдык конвенциялар жана келишимдер боюнча Кыргыз Республикасынын милдеттенмелерин (анын ичинде башка кызыкдар министрликтер жана административдик ведомстволор менен биргеликте) жетекчиликке алат жана ишке ашырат, ошондой эле донорлордун жана эл аралык уюмдардын колдоосунда (финансылык, техникалык) долбоорлорду, программаларды ишке ашырат;

- токой чарбасынын субъекттеринин ишин уюштурат, токой аңчылык жайгаштырууну эсепке алууну жүргүзөт, токой экосистемаларынын тармагын өнүктүрүү боюнча сунуштарды иштеп чыгат жана белгиленген тартипте Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине киргизет;

- кызыкдар министрликтер жана административдик ведомстволор менен биргеликте токой ресурстарын сарамжалдуу пайдалануунун жана коргоонун экономикалык механизмдерин иштеп чыгат;

- токой чарбасын жүргүзүүнүн, токой ресурстарын коргоонун, пайдалануунун жана калыбына келтирүүнүн, токойлорду өрттөн, өзүм билемдик менен кыюулардан коргоонун, токойду зыянкечтерден, оорулардан жана токойго зыян келтирүүчү башка иш-аракеттерден сактоонун бирдиктүү мамлекеттик саясатын ишке ашырат;

- токой чарбаларын башкаруу жаатында инвестицияларды тартуу боюнча сунуштарды киргизет;”;

2-пунктча төмөнкүдөй мазмундагы абзацтар менен толукталсын:

“- өсүмдүктөр дүйнөсүнүн объекттерин алып коюуга уруксат берүүнү жүзөгө ашырат, ошондой эле атайын уруксат боюнча токой пайдалануу укугун (токой кыюу билети, жыгачты аз-аздан берүүгө ордер, токой билети) тариздейт;

- токой чарбасын башкаруу чөйрөсүндө мамлекеттик жөнгө салууну жүзөгө ашырат;

- токой чарбаларынын аймагына кирүүдөгү посттордун ишин белгиленген тартипте жөнгө салат;

- токойлордун кадастрын жүргүзөт;”;

3-пунктча төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“3) координациялоо, контролдоо жана көзөмөлдөө функцияларын:

- бардык деңгээлдеги мамлекеттик бийлик органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана уюмдардын Жарандык коргонуу, өрт коопсуздугу, суу объекттеринде адамдардын коопсуздугу жана гидрометеорология жаатындагы ишин мамлекеттик башкарууну жана координациялоону жүргүзөт;

- төмөнкүлөргө контроль жүргүзөт:

менчигинин түрүнө жана ведомстволук баш ийүүсүнө карабастан ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын, ошондой эле кызмат адамдарынын жана жеке жактардын өрт коопсуздугунун талаптарын, ченемдерин жана эрежелерин сактоосуна;

өрттөн коргоо тутумдарын жана каражаттарын, анын ичинде алгачкы өрт өчүрүү каражаттарын оң абалда кармоого;

кызматтык милдеттерин аткаруу учурунда өрттөн коргоо бөлүмдөрүнүн объекттердин, курулмалардын аймагына кирүүсүн камсыз кылууга (кирүүчү жолдордун, бурулуучу аянтчалардын болушу);

уюмдардын, ыктыярдуу өрт өчүрүү түзүмдөрүнүн болушуна жана өрттү өчүрүүгө даярдыгына;

лицензиялардын, уруксаттардын, күбөлүктөрдүн, иштин түрлөрү боюнча макулдашуулардын шарттарынын аткарылышына;

курулуш объекттеринин жана алардын долбоордук документтеринин өрт коопсуздугунун талаптарына шайкештигин, курулуш объекттеринин долбоорлору боюнча өрт коопсуздугу боюнча корутундунун болушуна;

министрликтердин, ведомстволордун, менчигинин түрүнө жана ведомстволук баш ийүүсүнө карабастан ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын Жарандык коргонууну уюштуруусуна жана жүргүзүүсүнө;

- Жарандык коргонуу, өрт коопсуздугу, суу объекттеринде адамдардын коопсуздугу жана гидрометеорология жаатындагы артыкчылыктуу багыттарды аныктоо жана илимий, изилдөө жана долбоордук-изилдөө иштерин жүргүзүү бөлүгүндө башка мамлекеттик органдар жана уюмдар менен өз ара аракеттенет;

- мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана чарба жүргүзүүчү субъекттер менен биргеликте табигый жана техногендик мүнөздөгү өзгөчө кырдаалдарды жоюуга жана калыбына келтирүү жумуштарын жүргүзүүгө, өрттү өчүрүүгө катышуу үчүн күчтөрдү жана каражаттарды тартуу тартибин белгилейт, бул күчтөрдүн жана каражаттардын даярдыгын контролдойт;

- Жарандык коргонуу, өрт коопсуздугу, суу объекттеринде адамдардын коопсуздугу жана гидрометеорология жаатындагы маалыматты белгиленген тартипте чогултат жана иштеп чыгат, ошондой эле аны алмашат;

- Жарандык коргонуу (өрт коопсуздугу) жаатындагы берилген эскертүүлөрдү жана көрсөтмөлөрдү аткарбоо фактылары тууралуу жана күнөөлүү жеке жана юридикалык жактарды Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчиликке тартуу жөнүндө тийиштүү органдарга кабарлайт;

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине жана укук коргоо органдарына Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, ошондой эле Жарандык коргонуу жаатындагы жана өзгөчө кырдаалдар учурунда ченемдерди, эрежелерди жана стандарттарды бузгандыгы үчүн кызмат адамдарын жоопкерчиликке тартуу жөнүндө сунуштарды киргизет;

- Жарандык коргонуу жаатында башкаруу органдарын, Жарандык коргонуу күчтөрүн, уюмдарды жана калкты даярдоону жана кайра даярдоону уюштурат жана координациялайт;

- өзгөчө кырдаалдарды алдын алуу жана кесепеттерин жоюу, кырсыктын тобокелдигин азайтуу боюнча иш-чараларды координациялайт жана жүргүзөт;

- өзгөчө кырдаалдардын кесепетинен жабыркаган калктын жашоо тиричилигин, ошондой эле эл аралык уюмдардын жана Кыргыз Республикасынын аймагында Кырсыктын тобокелдигин азайтуу боюнча Улуттук платформанын катышуучуларынын ишин координациялайт жана камсыз кылат;

- Өзгөчө кырдаалдарга комплекстүү мониторинг жүргүзүүнүн жана божомолдоонун бирдиктүү тутумунун иштөөсүн, координациялоону жана методикалык жетектөөнү уюштурат;

- өрткө каршы курулуш конструкцияларын, жабдууларын жана инвентарды, ошондой эле өрткө каршы коргоо тутумунун техникалык түзүлүштөрүн даярдоодо, курууда, реконструкциялоодо, монтаждоодо, ишке киргизүүдө, жөндөөдө, оңдоодо жана эксплуатациялоодо өрт коопсуздук талаптарынын сакталышына көзөмөл жүргүзөт;

- токой чарбасын жүргүзүү процессин, токой фондун эсепке алуу, токой ресурстарын коргоо, пайдалануу жана калыбына келтирүү, токойлорду өрттөн, өзү билемдик менен кыюулардан коргоо, токойлорду зыянкечтерден, оорулардан жана токой чарбасына зыян келтирүүчү башка иш-аракеттерден сактоо тартибин координациялайт;

- жаратылыш объекттерин кайра түзүүгө жана ландшафттарды калыптандырууга байланышкан чарбалык ишти жүргүзүүдө токой ресурстарын сарамжалдуу пайдаланууну контролдойт;

- токойго мониторинг, токой аңчылык жайгаштыруу жана токойлорго инвентаризация жүргүзөт;”;

5-пунктчанын сегизинчи абзацында “өрт коопсуздугу” деген сөздөр “өрт коопсуздугу, токой чарбасы” деген сөздөргө алмаштырылсын;

- 17-пункттун он тогузунчу абзацы “штаттык ырааттамасын” деген сөздөрдөн кийин “жана башкаруу схемасын” деген сөздөр менен толукталсын;

2) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин башкаруу схемасы ушул токтомдун 2-тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын;

3) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Мамлекеттик материалдык резервдер фонду жөнүндө жободо:

- 5-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“5. Фонддун юридикалык дареги: 720017, Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, Ленин району, Ч. Айтматов проспекти, 1.”.

5. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №264 “Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик органдарынын, анын ичинде техникалык жана тейлөөчү персоналынын штаттык санынын чеги жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтомдун 1-тиркемесинде:

- 5, 6-пункттар төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“

| | | | |
|---|---|---|---|
| 5 | Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлиги | 6154 | 771 |
| | анын ичинде: | | |
| | борбордук аппараты | 124 | 40 |
| | аймактык бөлүмдөрү | 3911 | 216 |
| | ведомстволук бөлүмдөрү | 2119 | 515 |
| 6 | Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлиги | 5817 | 943 |
| | анын ичинде: | | |
| | борбордук аппараты | 119 | 18 |
| | аймактык бөлүмдөрү | 173 | 45 |
| | ведомстволук бөлүмдөрү | 5525 | 880 |

”.

**6.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-декабрындагы №347 “Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигинин ведомстволук бөлүмдөрүнүн жана уюмдарынын маселелери жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтомдун 3-тиркемесинде:

- 2-пункттун 4, 5-пунктчалары күчүн жоготту деп таанылсын.

**7.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 23-августундагы №425 “Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу “Республикалык адистештирилген комбинат” мамлекеттик мекемесин түзүү жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

- 5-пункттун сегизинчи абзацы күчүн жоготту деп таанылсын.

**8.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 24-январындагы №19 “Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” токтомунун 3-пунктунун 3-пунктчасы күчүн жоготту деп таанылсын.

**9**. Бул токтом тиешелүү жылга жана кийинки жылдарга республикалык бюджетте аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдары үчүн каралган каражаттардын жана штаттык сандын чегинде ишке ашырылат деп белгиленсин.

**10.** Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлиги жана Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлиги:

1) өзүнүн чечимдерин ушул токтомго ылайык келтирсин;

2) белгиленген тартипте тиешелүү финансылык, материалдык-техникалык каражаттарды комиссиялык кабыл алуу-өткөрүп берүүнү уюштурсун;

3) ушул токтомдон келип чыгуучу башка чараларды көрсүн.

**11.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**12**. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 4-марты, №91***

## “КУМ-ШАГЫЛ” ЖАБЫК АКЦИОНЕРДИК КООМУНДА УБАКТЫЛУУ СЫРТКЫ БАШКАРУУНУ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген жер казынасын коргоо, экологиялык жана өнөр жай коопсуздугу чөйрөсүндө талаптарды адамдардын өмүрүнө же ден соолугуна түздөн-түз коркунуч жаратуучу бузууларды четтетүүнү камсыз кылуу максатында, “Акционердик коомдор жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын $65^{1}$-статьясына, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** “Кум-Шагыл” жабык акционердик коомунда 2024-жылдын 29-февралынан тартып 2024-жылдын 29-майына чейинки мезгилге убактылуу сырткы башкаруу киргизилсин.

**2.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттик белгиленген тартипте убактылуу сырткы башкаруучуга талапкерди көрсөтсүн.

**3.** Бишкек шаарынын мэриясына “Кум-Шагыл” жабык акционердик коомунда убактылуу сырткы башкарууну киргизүү жөнүндө юридикалык жактарды мамлекеттик каттоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга кабарлоо сунушталсын.

**4.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткаруунун контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**5.** Бул токтом расмий жарыялануууга тийиш жана 2024-жылдын 29-февралынан тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 29-февралы, №89***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2022-ЖЫЛДЫН 28-НОЯБРЫНДАГЫ №661 “ЭЛЕКТР СТАНЦИЯЛАР” ЖАНА “КЫРГЫЗСТАН УЛУТТУК ЭЛЕКТР ТАРМАГЫ” АЧЫК АКЦИОНЕРДИК КООМДОРУН ФИНАНСЫЛЫК ЖАКТАН ЧЫҢДОО ЖӨНҮНДӨ” ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

“Кыргызстан улуттук электр тармагы” ачык акционердик коомунун ишин оптималдаштыруу, өркүндөтүү жана финансылык туруктуулугун жогорулатуу максатында, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 31-беренесине, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1**. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 28-ноябрындагы №661 “Электр станциялар” жана “Кыргызстан улуттук электр тармагы” ачык акционердик коомдорун финансылык жактан чыңдоо жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

- 1-пункттун 1-пунктчасынын экинчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

2023-жыл – 10 795 299,3 миң сом;”;

- 2-пунктта:

биринчи абзацта “Улуттук энергетикалык холдинг компаниясы” ачык акционердик коому менен биргеликте” деген сөздөр алып салынсын;

үчүнчү абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан берилген каражаттардын суммасына “Электр станциялар” жана “Кыргызстан улуттук электр тармактары” ачык акционердик коомдорунун акцияларынын кошумча эмиссиясынын калган үлүшү Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине берилүүгө тийиш.”;

- 4-пункттун үчүнчү абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“- ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн акча каражаттарынан тышкары, өздүк каражаттардын эсебинен 2023-жылы 1 800 000 000 (бир миллиард сегиз жүз миллион) сомдон кем эмес өлчөмдө, 2024–2030-жылдары 2 000 000 000 (эки миллиард) сомдон кем эмес өлчөмдө бюджеттик кредиттер боюнча карыздарды жыл сайын жоюуну жүргүзүү;”.

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 4-марты, №92***

## ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУНУН БАЛЫКЧЫ ШААРЫНЫН МЭРИЯСЫНЫН МУНИЦИПАЛДЫК МЕНЧИГИНЕ МУРДАГЫ “ТОЛКУН” КАФЕСИНИН ИМАРАТЫН ЖАНАША ЖАЙГАШКАН ЖЕР УЧАСТОГУ МЕНЕН ӨТКӨРҮП БЕРҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Мамлекеттик мүлктү натыйжалуу пайдалануу, билим берүү жана маданият чөйрөсүндөгү кызмат көрсөтүүлөргө калктын жеткиликтүүлүгүнө шарттарды түзүү максатында, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине, “Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 5, 6-статьяларына ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттик Ысык-Көл облусу, Балыкчы шаары, Ж. Абдрахманов көчөсү, 265 дареги боюнча жайгашкан (идентификациялык коду 2-07-02-0037-0130) мурдагы “Толкун” кафесинин имаратын жанаша жайгашкан аянты 0,38 га жер участогу менен Ысык-Көл облусунун Балыкчы шаарынын мэриясынын муниципалдык менчигине социалдык-маданий объекттерди жайгаштыруу үчүн өткөрүп берсин.

**2.** Ысык-Көл облусунун Балыкчы шаарынын мэриясына төмөнкүлөр сунушталсын:

- ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн объектти муниципалдык менчикке белгиленген тартипте кабыл алуу;

- өткөрүп берилүүчү объектти мамлекеттик кайра каттоодон өткөрүү;

- өткөрүп берилүүчү объектти күтүүнү жана андан ары тейлөөнү жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын эсебинен жүзөгө ашыруу;

- өткөрүп берилүүчү объектти андан ары ээликтен ажыратууну жүргүзбөө жана аны жергиликтүү маанидеги социалдык маселелерди чечүү үчүн пайдалануу.

**3.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткаруунун контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**4.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 4-марты, №94***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2021-ЖЫЛДЫН 28-ОКТЯБРЫНДАГЫ №233 “КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН РЕГЛАМЕНТИ ЖӨНҮНДӨ” ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун макулдашуу жол-жобосун регламенттештирүү максатында, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1**. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 28-октябрындагы №233 “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин регламенти жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин регламентинде:

- $54^{2}$-пункт төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын:

“Маселени мамлекеттик органдын локалдык актысы менен чечүү зарылдыгы көрсөтүлгөн Юстиция министрлигинин корутундусу алынганда, Министрлер Кабинетинин актысынын долбоору Президенттин Администрациясы тарабынан каралууга тийиш эмес.”;

- $54^{4}$-пунктунда:

сегизинчи абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“- Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдердин жана инвестициялык макулдашуулардын долбоорлорун жактырууну жана макулдашуусу жөнүндө тескемелердин долбоорлорун кошпогондо, тескемелердин долбоорлору - 3 жумуш күн;”;

төмөнкүдөй мазмундагы тогузунчу абзац менен толукталсын:

“- Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдердин жана инвестициялык макулдашуулардын долбоорлорун жактырууну жана макулдашуусу жөнүндө тескемелердин долбоорлору - 10 жумуш күн.”.

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 4-марты, №95***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АЙМАГЫНДА ЭСТЕЛИКТЕРДИ, СТЕЛАЛАРДЫ, ОБЕЛИСКТЕРДИ, МЕМОРИАЛДЫК ТАКТАЛАРДЫ ЖАНА БАШКА МЕМОРИАЛДЫК КУРУЛМАЛАРДЫ ДОЛБООРЛООНУН ЖАНА ОРНОТУУНУН ЭРЕЖЕЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ ЖОБОНУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын түптөлүшүнө жана өнүгүшүнө олуттуу салым кошкон Кыргыз Республикасынын көрүнүктүү ишмерлеринин, мамлекеттик жана коомдук ишмерлеринин, илим жана маданият ишмерлеринин жана башка адамдардын, баатырдык көрсөткөн адамдардын, чет өлкөлүк жарандардын, маданият жана искусство чыгармаларынын эпикалык, фольклордук, башка баатырларынын элесин түбөлүккө калтыруу маселелерине карата бирдиктүү мамилени ишке ашыруу, эстеликтерди, стелаларды, обелисктерди, мемориалдык такталарды, башка мемориалдык курулмаларды жана жанрдык шаардык скульптураларды долбоорлоо жана орнотуу жол-жоболорун тартипке келтирүү максатында, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын аймагында эстеликтерди, стелаларды, обелисктерди, мемориалдык такталарды жана башка мемориалдык курулмаларды долбоорлоонун жана орнотуунун эрежелери жөнүндө жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Министрликтер, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттиги, Кыргыз Республикасынын Президентинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрү, Бишкек, Ош шаарларынын мэрлери жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары:

- өздөрүнүн чечимдерин ушул токтомго ылайык келтирсин;

- ушул токтомдон келип чыгуучу тиешелүү чараларды көрсүн.

**3.** Бул токтомду ишке ашыруу кызыкдар министрликтердин жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин, ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, эстеликтерди орнотуунун демилгечилери болуп эсептелген жеке жана юридикалык жактардын каражаттарынын чегинде жүзөгө ашырылсын.

**4.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткаруунун контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**5.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 5-марты, №96***

## ӨЗГӨН, МОСКВА ЖАНА ТОГУЗ-ТОРО АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯЛАРЫНЫН КУРАМДАРЫНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

### ТОКТОМУ

Өзгөн аймактык шайлоо комиссиясынын мүчөсү С.Т. Рысалиеванын, Москва аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы Б.А. Саралаевдин жана Тогуз-Торо аймактык шайлоо комиссиясынын мүчөсү А.Э. Калманбетовдун Өзгөн, Москва жана Тогуз-Торо аймактык шайлоо комиссияларынын курамдарынан чыгаруу жөнүндө арыздарынын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 4, 8-беренелерине, «Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1-беренесине, 22-беренесинин 10-бөлүгүнүн 1, 2-пункттарына, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2019-жылдын 6-декабрындагы №176 токтому менен бекитилген «Шайлоо комиссияларын түзүү, таркатуу жана шайлоо комиссияларынын резервин түзүү, жүргүзүү тартиби жөнүндө» Жобосу ылайык, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

**1.** Өзгөн аймактык шайлоо комиссиясынын курамына төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

- жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан көрсөтүлгөн Рысалиева Сабира Тургунбаевна комиссиянын курамынан чыгарылсын;

- жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан көрсөтүлгөн Манабаев Бектур Медетбаевич резервден комиссиянын курамына киргизилсин.

**2.** Москва аймактык шайлоо комиссиясынын курамына төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

- жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан көрсөтүлгөн Саралаев Бейшенбек Аланбаевич комиссиянын курамынан чыгарылсын;

- жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан көрсөтүлгөн Акматбеков Максат Турусбекович резервден комиссиянын курамына киргизилсин.

**3.** Тогуз-Торо аймактык шайлоо комиссиясынын курамына төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

- жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан көрсөтүлгөн Калманбетов Алмазбек Элебесович комиссиянын курамынан чыгарылсын;

- жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан көрсөтүлгөн Базаркулов Бакытбек Дербишалиевич резервден комиссиянын курамына киргизилсин.

**4.** Бул токтом «Эркин-Тоо» газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**5.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары Т.У. Шайназаровго жүктөлсүн.

**ТӨРАГА** **Н. ШАЙЛДАБЕКОВА**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 5-марты, №18***

## 2024-ЖЫЛДЫН 28-АПРЕЛИНЕ ДАЙЫНДАЛГАН №2 БАТКЕН БИР МАНДАТТУУ ШАЙЛОО ОКРУГУ ЖАНА №9 КАРА-СУУ БИР МАНДАТТУУ ШАЙЛОО ОКРУГУ БОЮНЧА ДЕПУТАТТАРЫН МӨӨНӨТҮНӨН МУРДА ШАЙЛООНУ ДАЯРДОО ЖАНА ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА НЕГИЗГИ УЮШТУРУУ-ПРАКТИКАЛЫК ИШ-ЧАРАЛАРЫНЫН КАЛЕНДАРДЫК ПЛАНЫ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

## ТОКТОМУ

«Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3, 4, 8-беренелерин жетекчиликке алып, «Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин №2 Баткен бир мандаттуу шайлоо округу жана №9 Кара-Суу бир мандаттуу шайлоо округу боюнча депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоону дайындоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 4-мартындагы №60 Жарлыгы менен дайындалган №2 Баткен жана №9 Кара-Суу бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоону даярдоону жана өткөрүүнү уюштуруу максатында, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

**1.** 2024-жылдын 28-апрелине дайындалган №2 Баткен бир мандаттуу шайлоо округу жана №9 Кара-Суу бир мандаттуу шайлоо округу боюнча депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоону даярдоо жана өткөрүү боюнча негизги уюштуруу-практикалык иш-чараларынын календардык планы бекитилсин (тиркелет).

**2.** Бул токтом «Эркин-Тоо» газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**3.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары Т.У.Шайназаровго жүктөлсүн.

**ТӨРАГА Н.ШАЙЛДАБЕКОВА**

***Бишкек ш, 2024-жылдын 5-марты, №13***

*Кыргыз Республикасынын
Шайлоо жана референдум өткөрүү
боюнча борбордук комиссиясынын
2024-жылдын 5-мартындагы №13
токтому менен бекитилген*

## 2024-жылдын 28-апрелине дайындалган №2 Баткен бир мандаттуу шайлоо округу жана №9 Кара-Суу бир мандаттуу шайлоо округу боюнча депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоону даярдоо жана өткөрүү боюнча негизги уюштуруу-практикалык иш-чараларынын

## КАЛЕНДАРДЫК ПЛАНЫ

***Шайлоо күнү – 2024-жылдын 28-апрели, жекшемби***

| № | Иш-чаралардын мазмуну | Аткаруу мөөнөтү | Аткарууга жооптуулар |
|---|---|---|---|
| | Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын жарандарга, саясий партияларга, жалпыга маалымдоо каражаттарына (мындан ары – ЖМК), шайлоо комиссияларына жана шайлоо процессинин катышуучуларына кайрылуусу | Мөөнөтүнөн мурда шайлоону дайындагандан кийин | Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы (мындан ары - БШК)<br>Маалымат бөлүмү |
| | **Шайлоону маалыматтык жактан камсыздоо** | | |
| 1. | Жалпыга маалымдоо каражаттарында мөөнөтүнөн мурда шайлоону өткөрүү жөнүндө билдирүү | Чечим кабыл алгандан кийин 2 календардык күндөн кечиктирбестен жарыяланат. | БШК, маалымат бөлүмү «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 63-беренесинин 2-бөлүгү (мындан ары - конституциялык Мыйзам) |
| 2. | Шайлоо өнөктүгүнө катышуу үчүн аккредитациялоо жөнүндө ЖМКларга Борбордук шайлоо комиссиясынын кайрылуусу | Борбордук шайлоо комиссиясынын токтому расмий жарыялангандан кийин | БШК, маалымат бөлүмү |
| 3. | БШКга ЖМК, интернет-басылмалар тарабынан эфир убактысын, басылма аянтын бергендиги үчүн төлөө өлчөмү же интернет-басылмада жарыялоо укугу жана башка шарттары жөнүндө маалыматтарды берүү | Шайлоону дайындоо жөнүндө чечим расмий жарыяланган күндөн тартып 13 календардык күндөн кечиктирбестен (2024-жылдын 16-мартына чейин (кошуп алганда) | БШК, жумушчу тобу, маалымат бөлүмү, ЖМК, интернет-басылмалар конституциялык Мыйзамдын 22-беренесинин 20-бөлүгү<br>(мындан ары - конституциялык Мыйзам) |
| 4. | БШКнын расмий сайтында эфир убактысын, басылма аянты төлөө өлчөмү же интернет-басылмада жарыялоо укугу жана башка шарттар жөнүндө берилген маалыматтарды жарыялоосу | Шайлоону дайындоо жөнүндө чечим расмий жарыяланган күндөн тартып 17 күндөн кечиктирбестен<br>(2024-жылдын 21-мартына чейин) | Маалымат бөлүмү<br>конституциялык Мыйзамдын 22-бер.<br>20-бөл. |
| | **Добуш берүү үчүн жай** | | |
| 5. | Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү шайлоочулардын муктаждык картасын түзүү | Добуш берүү күнүнө чейин 40 календардык күндөн кечиктирбестен (2024-жылдын 19-мартына чейин | ОШК, УШК, Бишкек ш. мэриясы<br>конституциялык Мыйзамдын 29-бер.<br>6-бөл. |
| 6. | Добуш берүүчү жайды ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү шайлоочулардын муктаждык картасында көрсөтүлгөн керектөөлөрүнө ылайык келишин текшерүү | Добуш берүү күнүнө чейин 33 календардык күндөн кечиктирбестен (2024-жылдын 26-мартына чейин) | ОШК, УШК, ЖӨБО<br>конституциялык Мыйзамдын 29-бер.<br>6-бөл. |
| 7. | ЖӨБОлорго ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар үчүн добуш берүүчү жайдын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу боюнча чараларды көрүү боюнча кайрылуу жөнөтүү | Шайлоо күнүнө чейин 27 календардык күндөн кечиктирбестен (2024-жылдын 1-апрелине чейин) | ОШК, УШК, конституциялык Мыйзамдын 29-бер. 6-бөл. |
| | **Шайлоочулардын тизмеси** | | |
| 8. | Округдар, участоктор боюнча түзүлгөн шайлоочулардын алдын ала тизмесин tizme.gov.kg мамлекеттик порталга жайгаштыруу | Добуш берүү күнүнө 53 календардык күнгө чейин<br>(2024-жылдын 6-мартына чейин) | Санариптик өнүктүрүү министрлиги, БШК<br>конституциялык Мыйзамдын 14-бер.<br>4-бөл. |
| 9. | Шайлоочулардын алдын ала тизмелерин участкалык шайлоо комиссияларына өткөрүп берүү | Добуш берүү күнүнө 50 календардык күн калганда<br>(2024-жылдын 9-мартына чейин) | БШК, ОШК, УШК<br>конституциялык Мыйзамдын 14-бер.<br>7-бөл. |
| 10. | УШКларда шайлоочулардын алдын ала тизмесин таанышуу үчүн илүү | Добуш берүү күнүнө 47 календардык күн калганда<br>(2024-жылдын 12-мартына чейин) | УШК<br>конституциялык Мыйзамдын 15-бер.<br>1-бөл. |
| 11. | Шайлоочулардын таанышып чыгуусу үчүн УШКларда шайлоочулардын контролдук тизмесин илүү | Добуш берүүгө чейин 20 календардык күн калганда<br>(2024-жылдын 8-апрелине чейин) | УШК<br>конституциялык Мыйзамдын 15-бер.<br>4-бөл. |
| 12. | Добуш берүү күнү стационардык дарылоо-алдын алуу мекемелеринде, шектүүлөр жана айыптуулар катары кайтарууда кармоочу жайларда, иш цикли үзгүлтүксүз ишканаларда (вахталык иштерде) болгон шайлоочулар, мөөнөттүү кызматтын аскер кызматчылары, аскер бөлүктөрүндө жашаган аскер кызматчылары жана алардын үй-бүлө мүчөлөрү жана башка адамдар жөнүндө шайлоочулардын тизмелерин түзүү, аларды ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга жана тиешелүү УШКга өткөрүп берүү | Добуш берүү күнүнө чейин 8 календардык күндөн кечиктирбестен (2024-жылдын 19-апрелине чейин (кошуп алганда) | Көрсөтүлгөн мекемелердин жетекчилери,<br>Санариптик өнүктүрүү министрлиги<br>УШК<br>конституциялык Мыйзамдын 14-бер.<br>5-бөл. |

*(Уландысы 7-бетте)*

## 2024-жылдын 28-апрелине дайындалган №2 Баткен бир мандаттуу шайлоо округу жана №9 Кара-Суу бир мандаттуу шайлоо округу боюнча депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоону даярдоо жана өткөрүү боюнча негизги уюштуруу-практикалык иш-чараларынын

## КАЛЕНДАРДЫК ПЛАНЫ

*(Башталышы 6-бетте)*

| | | | |
|---|---|---|---|
| 13. | Шайлоочулардын арыздарын (шайлоочу жөнүндө ката же так эместик аныкталган учурда) кабыл алуу | Добуш берүү күнүнө чейин 10 календардык күндөн кечиктирбестен (2024-жылдын 12-мартынан 17-апрелине чейин (кошуп алганда) | УШК<br>конституциялык Мыйзамдын 15-бер.<br>2-бөл. |
| 14. | Шайлоочулардын электрондук түрдөгү биротоло тизмелерин ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга өткөрүп берүү | Добуш берүү күнүнө 7 календардык күн калганда<br>(2024-жылдын 21-апрелине чейин) | БШК, Санариптик өнүктүрүү министрлиги<br>конституциялык Мыйзамдын 15-бер.<br>5-бөл. |
| 15. | УШКларда шайлоочулардын биротоло тизмелерин илүү | Добуш берүү күнүнө чейин 5 календардык күндөн кечиктирбестен (2024-жылдын 23-апрелине чейин) | УШК<br>конституциялык Мыйзамдын 15-бер.<br>5-бөл. |
| 16. | Шайлоого катышкан шайлоочулардын тизмелерин БШКнын расмий сайтына жарыялоо жана участкалык шайлоо комиссияларынын орун-жайларынын алдындагы такталарга илүү | Добуш берүү күнүнөн кийин 5 календардык күндөн кечиктирбестен (2024-жылдын 4-майына чейин) | БШК,<br>ОШК,<br>УШК<br>конституциялык Мыйзамдын 35-бер.<br>23-бөл. |
| **Талапкерлерди көрсөтүү жана каттоо** | | | |
| 17. | Талапкердин, саясий партиянын ыйгарым укуктуу өкүлдөрүн каттоо жана аларга каттоо ырастамаларын же каттоодон баш тартуу жөнүндө жүйөлүү чечимин берүү | Керектүү документтер түшкөн күндөн тартып 2 календардык күндүн ичинде | БШК<br>Мыйзамдын 19-бер.<br>4-бөл. |
| 18. | Талапкердин жазуу жүзүндөгү арызынын же болбосо саясий партиянын сунуштамасынын жана ишенимдүү адам болууга макулдугу жөнүндө жарандын арызынын негизинде ишенимдүү адамдарды каттоо | Талапкер жазуу жүзүндөгү арыз же саясий партия сунуштама бергенден кийин | БШК<br>конституциялык Мыйзамдын 20-бер.<br>2-бөл. |
| 19. | Бир мандаттуу шайлоо округу боюнча талапкерлерди көрсөтүү | Добуш берүү күнүнө чейин 30 календардык күн калганда аяктайт (2024-жылдын 28-мартына чейин (кошуп алганда) | Саясий партиялар, жарандар<br>конституциялык Мыйзамдын 60¹-бер.<br>1-бөл. |
| 20. | Бир мандаттуу шайлоо округу боюнча депутаттыкка талапкерди каттоо үчүн талапкер же анын ыйгарым укуктуу өкүлү, саясий партиялардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү тиешелүү документтерди берүүсү | Шайлоо күнүнө чейин 27 календардык күндөн кечиктирбестен (2024-жылдын 31-марты, саат 18:00гө чейин) | БШК<br>конституциялык Мыйзамдын 61-бер.<br>1¹-бөл. |
| 21. | Бир мандаттуу шайлоо округу боюнча депутаттыкка талапкерлерди каттоо | Шайлоо күнүнө 20 календардык күн калганда<br>(2024-жылдын 8-апрелине чейин) | БШК<br>конституциялык Мыйзамдын 61-бер.<br>5-бөл. |
| 22. | Бир мандаттуу шайлоо округу боюнча талапкердин шайлоого андан ары катышуудан баш тартуу жөнүндө БШКга жазуу жүзүндө арыз берүүсү | Добуш берүү күнүнө чейин 2 календардык күндөн кечиктирбестен (2024-жылдын 25-апрелине чейин (кошуп алганда) | Талапкер<br>конституциялык Мыйзамдын 61-бер.<br>10-бөл. |
| **Шайлоо алдындагы үгүт** | | | |
| 23. | Шайлоо алдында үгүт жүргүзүү | Бардык талапкерлерди каттоо мөөнөтү аяктаган күндөн тартып, добуш берүү башталганга чейин 24 саат калганда аяктайт (2024-жылдын 8-апрелинен тартып<br>27-апрелинин саат 08:00гө чейин) | Кыргыз Республикасынын жарандары<br>конституциялык Мыйзамдын 23-бер.<br>1-бөл. |
| 24. | Шайлоо алдында үгүт жүргүзүү үчүн акы төлөнүүчү эфир убактысын берүү | Талапкерлердин каттоонун акыркы мөөнөтү аяктагандан кийин (2024-жылдын<br>8-апрелинен тартып<br>27-апрелинин саат 08:00гө чейин) | Телерадиоуюмдар<br>конституциялык Мыйзамдын 24-бер.<br>4-бөл. |
| 25. | Кыргыз Республикасынын жарандарына, талапкерлерге үгүт иштерин жүргүзүү жана шайлоочулар менен жолугушуу укугун камсыздоо | Талапкерлерди каттоонун акыркы мөөнөтү аяктагандан кийин (2024-жылдын 8-апрелинен тартып<br>27-апрелинин саат 08:00гө чейин) | АШК, Кыргыз Республикасынын БШКсынын атайын өкүлдөрү, мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары<br>конституциялык Мыйзамдын 22-бер.<br>9-бөл. |
| 26. | Ар бир шайлоо участогунун аймагында маалымат жана үгүт материалдарын илүү үчүн атайын орундарды берүү | Шайлоо дайындалган күндөн тартып 7 календардык күндүн ичинде (2024-жылдын 11-мартына чейин) | ЖӨБО<br>конституциялык Мыйзамдын 27-бер.<br>3-бөл. |
| **Шайлоону каржылоо** | | | |
| 27. | **Шайлоо фондун түзүү:**<br>Өз шайлоо фондун түзүү үчүн банк мекемесинде атайын эсеп ачууга арыз берүү;<br><br>банк мекемесинде атайын эсеп ачууга уруксат алуу | Шайлоого катышуу жөнүндө БШКга/ОШКга жазуу жүзүндө билдирме берүү менен кошо<br><br>Атайын эсеп ачууга БШКдан/ОШКдан жазуу жүзүндө уруксат (маалымдама) алгандан кийин | Талапкер<br>конституциялык Мыйзамдын 41-бер. 5-бөл.,<br>«Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону өткөрүүдө талапкердин, саясий партиянын шайлоо фондун түзүү, акча каражаттарынын келип түшүүсүн жана чыгымдалышын эсепке алуу тартиби жөнүндө» Жобонун (мындан ары - Жобо) 14-пункту<br><br>Талапкер, Каржы маселеси боюнча ыйгарым укуктуу өкүл<br>конституциялык Мыйзамдын 41-бер.<br>5-бөл.,<br>Жобонун 16-пункту |
| 28. | **Банк мекемесинде атайын эсеп ачуу:**<br>каржы маселеси боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдү дайындабаган бир мандаттуу шайлоо округу боюнча талапкерлер тарабынан;<br><br>каржы маселеси боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдү дайындаган бир мандаттуу шайлоо округу боюнча талапкерлер тарабынан | Аларды талапкер катары көрсөткөн учурдан тартып каттоо үчүн документтерди бергенге чейин<br><br>Шайлоо комиссиясы тарабынан каржы маселеси боюнча ыйгарым укуктуу өкүл катталгандан кийин | Талапкер,<br>конституциялык Мыйзамдын 41-бер.<br>5-бөл.<br><br>Каржы маселеси боюнча ыйгарым укуктуу өкүл<br>конституциялык Мыйзамдын 19-бер.<br>3-5-бөл.,41-бер. 1-бөл. |
| 29. | Шайлоо күрөөсүн төгүү:<br>- бир мандаттуу шайлоо округу боюнча талапкерлер үчүн – мыйзамдарда белгиленген эсептик көрсөткүчтүн миң эселенген өлчөмүндө | Шайлоо күнүнө чейин 27 календардык күндөн кечиктирбестен, жергиликтүү убакыт боюнча саат 18ге чейин<br>(2024-жылдын 31-марты, саат 18:00гө чейин) | Талапкерлер<br>Көзөмөлдөө-текшерүү тобу<br>конституциялык Мыйзамдын 61-бер.<br>1, 2-бөл. |
| 30. | Талапкердин атайын эсебинде турган каражаттын келип түшүүсү жана чыгымдалышы жөнүндө маалымат берүү | Жума сайын, ал эми КР БШКнын талабы боюнча – 24 сааттын ичинде | Банк же башка мекемелер, БШК<br>конституциялык Мыйзамдын 41-бер.<br>12-бөл. |

*(Уландысы 8-бетте)*

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

**2024-жылдын 28-апрелине дайындалган №2 Баткен бир мандаттуу шайлоо округу жана №9 Кара-Суу бир мандаттуу шайлоо округу боюнча депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоону даярдоо жана өткөрүү боюнча негизги уюштуруу-практикалык иш-чараларынын**

**КАЛЕНДАРДЫК ПЛАНЫ**

*(Башталышы 7-бетте)*

| | | | |
|---|---|---|---|
| 31. | Талапкердин, саясий партиянын шайлоо фонддорунун келип түшүүсү жана чыгымдалышы жөнүндө финансылык отчетторду БШКга тапшыруусу | Биринчи финансылык отчет - добуш берүү күнүнө чейин 7 күндөн кечиктирбестен (2024-жылдын 20-апрелине чейин (кошуп алганда) Экинчи жыйынтыктоочу финансылык отчет - шайлоодон кийин 7 күндөн кечиктирбестен (2024-жылдын 5-майына чейин (кошуп алганда) | Көзөмөлдөө-текшерүү тобу Жобосунун 48-пункту |
| 32. | Жеке жана юридикалык жактар менен эсептешүүлөр боюнча, ошондой эле атайын эсепте турган, чыгымдалбаган акча каражаттарын кайра кайтаруу боюнча бардык финансылык операцияларды токтотуу | Добуш берүү күнүнө чейин 3 календардык күндөн кечиктирбестен (2024-жылдын 1-майына чейин (кошуп алганда) | Көзөмөлдөө-текшерүү тобу конституциялык Мыйзамдын 41-бер. 14-бөл. |
| | **Шайлоо бюллетендери** | | |
| 33. | Бюллетендин текстин бекитүү (Брайль арибы менен) | Добуш берүү күнүнө чейин 17 календардык күндөн кечиктирбестен (2024-жылдын 11-апрелине чейин) | БШК конституциялык Мыйзамдын 30-бер. 2-бөл. |
| 34. | Шайлоо бюллетендерин мамлекеттик жана расмий тилдерде даярдоо | Добуш берүү күнүнө чейин 5 календардык күндөн кечиктирбестен (2024-жылдын 23-апрелине чейин) | БШК конституциялык Мыйзамдын 30-бер. 6-бөл. |
| 35. | Шайлоо бюллетендерин округдук шайлоо комиссияларына өткөрүп берүү | Добуш берүү күнүнө 3 календардык күн калганда (2024-жылдын 25-апрелине чейин) | БШК конституциялык Мыйзамдын 30-бер. 9-бөл. |
| 36. | Шайлоо бюллетендерин участкалык шайлоо комиссияларына өткөрүп берүү | Добуш берүү күнүнө 2-1 календардык күн калганда (2024-жылдын 27-апрелине чейин) | ОШК конституциялык Мыйзамдын 30-бер. 9-бөл. |
| | **Добуш берүүнүн тартиби** | | |
| 37. | Добуш берүүчү жайдан тышкары жерде добуш берүү мүмкүнчүлүгү жөнүндө шайлоочулардан арыздарды кабыл алуу | Добуш берүү күнүнө чейин 2 календардык күндөн кечиктирбестен (2024-жылдын 25-апрелине чейин (кошуп алганда) | УШК конституциялык Мыйзамдын 33-бер. 2-бөл. |
| 38. | Добуш берүүчү жайдан тышкары жерде добуш берүүнү уюштуруу жана өткөрүү | Добуш берүү күнүнө чейин 1 календардык күн калганда саат 08:00дөн 20:00гө чейин (2024-жылдын 27-апрели) | УШК конституциялык Мыйзамдын 33-бер. 2-бөл. |
| 39. | **Добуш берүү** | **2024-жылдын 28-апрели (саат 08:00дөн 20:00гө чейин)** | УШК конституциялык Мыйзамдын 31-бер. 1-бөл. |
| | **Добуш берүүнүн жыйынтыктарын жана шайлоонун натыйжаларын белгилөө** | | |
| 40. | Шайлоочулардын добуштарын саноо | Добуш берүү аяктагандан кийин дароо башталат жана добуш берүүнүн жыйынтыктарын белгилегенге чейин тынымсыз жүргүзүлөт. | УШК конституциялык Мыйзамдын 35-бер. 3-1-бөл. |
| 41. | Ар бир участок боюнча добуш берүүнүн укуктук мааниге ээ болбогон алдын ала маалымат болуп саналган жыйынтыктарын БШКнын расмий сайтына жайгаштыруу | Келип түшкөнүнө жараша | БШК конституциялык Мыйзамдын 37-1-бер. 1-бөл. |
| 42. | Ар бир шайлоо участогу боюнча добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколдорду БШКнын расмий сайтына жайгаштыруу | Добуш берүү күнүнөн тартып 12 календардык күндөн кечиктирбестен (2024-жылдын 11-майына чейин) | БШК, ОШК, УШК конституциялык Мыйзамдын 35-бер. 23-бөл. |
| 43. | Добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө округдук шайлоо комиссияларынын протоколдорун БШКнын расмий сайтына жайгаштыруу | Добуш берүү күнүнөн тартып 13 календардык күндөн кечиктирбестен (2024-жылдын 12-майына чейин) | БШК, ОШК, конституциялык Мыйзамдын 35-бер. 23-бөл. |
| 44. | Бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатын шайлоонун натыйжаларын аныктоо | Добуш берүү күнүнөн тартып 13 календардык күндөн кечиктирбестен (2024-жылдын 12-майына чейин) | БШК конституциялык Мыйзамдын 37-бер. 1-бөл. |
| 45. | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоонун натыйжалары жөнүндө жалпыга маалымдоо каражаттарында расмий жарыялоо | Шайлоонун натыйжалары аныкталган күнүнөн тартып 9 календардык күндөн кечиктирбестен | БШК конституциялык Мыйзамдын 64-бер. 8-бөл. |
| | **Эл аралык жана коомдук байкоочулар** | | |
| 46. | Эл аралык уюмдарга жана чет мамлекеттердин шайлоо органдарына шайлоого байкоо жүргүзүүгө катышууга чакыруу жөнөтүү | Борбордук шайлоо комиссиясынын Токтому расмий жарыялангандан кийин | Президенттин Администрациясы, Жогорку Кеңеш, Министрлер Кабинети, БШК конституциялык Мыйзамдын 10-бер. 1-бөл. |
| 47. | КРнын Президенти, КРнын ЖКи, КРнын Министрлер Кабинети, БШК тарабынан жиберилген чакыруулардын негизинде байкоочуларды аккредитациялоо | Шайлоо дайындалгандыгы жөнүндө чечим расмий жарыялангандан кийин | БШК конституциялык Мыйзамдын 10-бер. 1-бөл. |
| 48. | Коомдук байкоочуларды каттоо | Коомдук байкоочуларды каттоо үчүн коммерциялык эмес уюмдар тарабынан тиешелүү документтерди бергенде | БШК конституциялык Мыйзамдын 10-1-бер. |
| | **Шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүн жана шайлоо процессинин башка катышуучуларын окутуу** | | |
| 49. | Саясий партиялардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү, ЖМК, укук коргоо органдары жана шайлоо процессинин башка катышуучулары үчүн окуу семинарларын өткөрүү | Шайлоо дайындалгандан кийин өзүнчө план боюнча | БШК |
| 50. | ОШК, УШК мүчөлөрү, АЭУ жана шайлоочуларды идентификациялоо операторлору үчүн тренингдерди өткөрүү | Шайлоо дайындалгандан кийин өзүнчө план боюнча | БШК |

## 2024-ЖЫЛДЫН 28-АПРЕЛИНЕ ДАЙЫНДАЛГАН №2 БАТКЕН БИР МАНДАТТУУ ШАЙЛОО ОКРУГУ ЖАНА №9 КАРА-СУУ БИР МАНДАТТУУ ШАЙЛОО ОКРУГУ БОЮНЧА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТАРЫН МӨӨНӨТҮНӨН МУРДА ШАЙЛООНУ ДАЯРДООГО ЖАНА ӨТКӨРҮҮГӨ ЧЫГЫМДАРДЫН СМЕТАСЫН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

**ТОКТОМУ**

"№2 Баткен бир мандаттуу шайлоо округу жана №9 Кара-Суу бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоону дайындоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 4-мартындагы №60 Жарлыгына ылайык, "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 40-беренесин, "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 4, 8, 14-беренелерин, «Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 25-беренесин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

**1.** №2 Баткен бир мандаттуу шайлоо округу жана №9 Кара-Суу бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоонун сметасы 23 934 000 (жыйырма үч миллион тогуз жүз отуз төрт миң) сом өлчөмүндө 1-тиркемеге ылайык бекитилсин, анын ичинде:

1) 2024-жылдын 28-апрелине дайындалган №2 Баткен жана №9 Кара-Суу бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоону даярдоо жана өткөрүү үчүн зарыл болгон шайлоо комиссиялары үчүн борборлоштурулган сатып алуулар каражаттары камтылган Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын чыгашаларынын сметасы (2-тиркеме);

2) 2024-жылдын 28-апрелине дайындалган №2 Баткен жана №9 Кара-Суу бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоону даярдоо жана өткөрүү боюнча төмөн турган шайлоо комиссияларынын чыгымдарынын сметасы (3-тиркеме).

**2.** Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын аппаратынын пландоо, эсеп жүргүзүү жана отчеттуулук бөлүмү Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги менен бирдикте №2 Баткен бир мандаттуу шайлоо округу жана №9 Кара-Суу бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоону даярдоону жана өткөрүүнү каржылоону уюштурсун, республикалык бюджеттен бөлүнгөн каражаттарды бекитилген сметага ылайык тиешелүү округдук шайлоо комиссияларына бөлүштүрүүнү камсыз кылсын.

**3.** Округдук жана участкалык шайлоо комиссияларынын төрагалары ишке тартылган адистер, участкалык шайлоо комиссияларынын бардык төрагалары менен толук жеке материалдык жоопкерчилик жөнүндө келишимдерди түзсүн жана алар Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын аппаратынын пландоо, эсепке жүргүзүү жана отчеттуулук бөлүмүнө жиберсин.

**4.** Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын аппаратынын пландоо, эсеп жүргүзүү, отчеттуулук бөлүмү шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүн жана ишке тартылган жарандарды бекитилген сметага ылайык накталай эмес формада «РСК Банк» ААК жана «Айыл Банк» ААКсынын банк мекемелери аркылуу финансылык жактан камсыз кылууну уюштурсун жана бул каражаттардын максаттуу пайдаланылышына көзөмөл жүргүзүүнү камсыз кылуу.

**5.** Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын алдындагы Контролдук-текшерүү тобу №2 Баткен бир мандаттуу шайлоо округу жана №9 Кара-Суу бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоону даярдоо жана өткөрүү үчүн шайлоо комиссияларына республикалык бюджеттен бөлүнгөн каражаттардын максаттуу пайдаланылышын контролдоону жүзөгө ашырсын.

**6.** Ушул токтом Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине жөнөтүлсүн.

**7.** Ушул токтом «Эркин-Тоо» газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**8.** Ушул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын орун басары Т.У.Шайназаровго жүктөлсүн.

**ТӨРАГА** **Н.ШАЙЛДАБЕКОВА**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 5-марты, №14***

## 2024-ЖЫЛДЫН 28-АПРЕЛИНЕ ДАЙЫНДАЛГАН №2 БАТКЕН БИР МАНДАТТУУ ШАЙЛОО ОКРУГУ ЖАНА №9 КАРА-СУУ БИР МАНДАТТУУ ШАЙЛОО ОКРУГУ БОЮНЧА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТАРЫН МӨӨНӨТҮНӨН МУРДА ШАЙЛООГО КАТЫШУУЧУ ТАЛАПКЕРЛЕРДИН ШАЙЛОО ФОНДДОРУНУН АТАЙЫН ЭСЕБИН АЧУУ ҮЧҮН БАНК МЕКЕМЕЛЕРИН АНЫКТОО ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

**ТОКТОМУ**

"№2 Баткен бир мандаттуу шайлоо округу жана №9 Кара-Суу бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоону дайындоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 4-мартындагы ПЖ №60 Жарлыгына ылайык, «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 41, 42-беренелерине ылайык, «Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 4, 8-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

**1.** 2024-жылдын 28-апрелине дайындалган №2 Баткен бир мандаттуу шайлоо округу жана №9 Кара-Суу бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоого катышуучу талапкерлердин шайлоо фонддорунун атайын эсептерин ачуу үчүн «РСК Банк» ААКсы жана «Айыл Банк» ААКсы банк мекемелери болуп белгиленсин.

**2.** Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына караштуу Көзөмөлдөө-текшерүү тобу ушул токтомдон келип чыгуучу чараларды «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» конституциялык Мыйзамына ылайык көрсүн.

**3.** Бул токтом «Эркин-Тоо» газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**4.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары Т.У.Шайназаровго жүктөлсүн.

**ТӨРАГА** **Н.ШАЙЛДАБЕКОВА**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 5-марты, №15***

## 2024-ЖЫЛДЫН 28-АПРЕЛИНЕ ДАЙЫНДАЛГАН №2 БАТКЕН БИР МАНДАТТУУ ШАЙЛОО ОКРУГУ ЖАНА №9 КАРА-СУУ БИР МАНДАТТУУ ШАЙЛОО ОКРУГУ БОЮНЧА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТАРЫН МӨӨНӨТҮНӨН МУРДА ШАЙЛООДО БАТКЕН ЖАНА КАРА-СУУ ОКРУГДУК ШАЙЛОО КОМИССИЯЛАРЫНЫН КУРАМДАРЫН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

**ТОКТОМУ**

№2 Баткен бир мандаттуу шайлоо округу жана №9 Кара-Суу бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоону дайындоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 4-мартындагы №60 Жарлыгына, «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 12-беренесине ылайык, «Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3, 4, 8-беренелерин, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2019-жылдын 6-декабрындагы №176 токтому менен бекитилген «Шайлоо комиссияларын түзүүнүн, таркатуунун жана шайлоо комиссияларынын резервдерин түзүүнүн, жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө» Жобосун жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

**1.** 2024-жылдын 28-апрелине дайындалган №2 Баткен бир мандаттуу шайлоо округу жана №9 Кара-Суу бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоону даярдоо жана өткөрүү мезгилине Баткен жана Кара-Суу округдук шайлоо комиссияларынын курамдары тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Бул токтом «Эркин-Тоо» газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**3.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары Т.У.Шайназаровго жүктөлсүн.

**ТӨРАГА** **Н.ШАЙЛДАБЕКОВА**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 5-марты, №16***

*Кыргыз Республикасынын
Шайлоо жана референдум
өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын
2024-жылдын 5-мартындагы
№16 токтомуна
тиркеме*

**Баткен округдук шайлоо комиссиясынын курамы
дареги: Баткен ш., Т.Садыков көч., 1, Баткен райондук мамлекеттик администрациясынын имараты, тел.: (03622) 5-07-03**

| № | Фамилиясы. Аты. Атасынын аты | Статус |
|---|---|---|
| 1. | Айтбаев Бахабидин Ташполотович | төрага |
| 2. | Жоробаева Сайдагул Манасовна | катчы |
| 3. | Маркаев Манасбек Аззамович | мүчө |
| 4. | Оболова Мария Гайыповна | мүчө |
| 5. | Эркебаев Осмон Мажитович | мүчө |
| 6. | Гапарова Дилбархан Бекбутаевна | мүчө |
| 7. | Орозалиев Кенжебай Артыкбаевич | мүчө |
| 8. | Жапарова Мееринса Абытовна | мүчө |
| 9. | Гапаров Марат Мамазаитович | мүчө |
| 10. | Саттарова Гулбара Ташбеловна | мүчө |
| 11. | Камбаров Акынбек Осконович | мүчө |
| 12. | Маккамбаев Мунарбек Абдималикович | мүчө |
| 13. | Жороева Чынар Жанабидиновна | мүчө |
| 14. | Адилов АнарбекТашполотович | мүчө |
| 15. | Омурзаков Тилек Рахманалиевич | мүчө |

**Кара-Суу округдук шайлоо комиссиясынын курамы
дареги: Кара-Суу ш., Ж.Аматов көч., 2, Кара-Суу райондук мамлекеттик администрациясынын имараты, тел.: (03232) 5-08-80**

| № | Фамилиясы. Аты. Атасынын аты | Статус |
|---|---|---|
| 1. | Кимсанов Каныбек | төрага |
| 2. | Молдожанова Жовар Абдиллажановна | катчы |
| 3. | Султанов Назарбек Токторович | мүчө |
| 4. | Мойдунов Талипжан Келдибаевич | мүчө |
| 5. | Карабаев Туголбай Аипович | мүчө |
| 6. | Айдаров Мансур Каниметович | мүчө |
| 7. | Абдраимова Элнура Тайировна | мүчө |
| 8. | Раева Ыквал Абдуразаковна | мүчө |
| 9. | Акимбаев Сатинбек Саинович | мүчө |
| 10. | Кадыров Канат Табакалович | мүчө |
| 11. | Таев Алмазбек Эрмакович | мүчө |
| 12. | Мамашев Мухамедали Абдулкасымович | мүчө |
| 13. | Абдилла кызы Арууке | мүчө |
| 14. | Абжапаров Замирбек Сабырбекович | мүчө |

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРИНИН КЭЭ БИР ДЕПУТАТТАРЫНЫН ЫЙГАРЫМ УКУКТАРЫН МӨӨНӨТҮНӨН МУРДА ТОКТОТУУ, ДЕПУТАТТЫККА ТАЛАПКЕРЛЕРДИН ТИЗМЕСИНЕН КАТТАЛГАН ТАЛАПКЕРЛЕРДИН ЧЫГАРУУ ЖАНА БОШ КАЛГАН МАНДАТТАРДЫ ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРДИН ДЕПУТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕРЛЕРГЕ ӨТКӨРҮП БЕРҮҮ ЖӨНҮНДӨ ОШ, ЖАЙЫЛ, ЫСЫК-АТА, СОКУЛУК, БАТКЕН ШААРДЫК, БАТКЕН, БАЛЫКЧЫ, ТАЛАС ШААРДЫК, ТАЛАС, АТ-БАШЫ, КАРА-КӨЛ, ЖАЛАЛ-АБАД, НООКЕН, АКСЫ, КАРА-СУУ ЖАНА АРАВАН АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯЛАРЫНЫН ЧЕЧИМДЕРИН БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

## ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына жергиликтүү кеңештердин кээ бир депутаттарынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жана бош калган мандаттарды өткөрүп берүү жөнүндө аймактык шайлоо комиссияларынын төмөнкү чечимдери келип түштү:

- Ош шаардык аймактык шайлоо комиссиясынын 19.02.2024-ж. №1 – Ош шаардык кеңеши боюнча;
- Жайыл аймактык шайлоо комиссиясынын 19.02.2024-ж. №8, №9 – Чүй облусунун Жайыл районундагы Кара-Балта шаардык кеңеши боюнча;
- Ысык-Ата аймактык шайлоо комиссиясынын 15.02.2024-ж. №5 – Чүй облусунун Ысык-Ата районундагы Сын-Таш айылдык кеңеши боюнча;
- Сокулук аймактык шайлоо комиссиясынын 28.02.2024-ж. №2, №3 – Чүй облусунун Сокулук районундагы Военно-Антоновка жана Фрунзе айылдык кеңештери боюнча;
- Баткен шаардык аймактык шайлоо комиссиясынын 19.02.2024-ж. №2 – Баткен облусунун Баткен шаардык кеңеши боюнча;
- Баткен аймактык шайлоо комиссиясынын 29.02.2024-ж. №2 – Баткен облусунун Баткен районундагы Самаркандек, Кара-Бак жана Кара-Булак айылдык кеңештери боюнча;
- Балыкчы аймактык шайлоо комиссиясынын 15.02.2024-ж. №2; 22.02.2024-ж. №3 – Ысык-Көл облусунун Балыкчы шаардык кеңеши боюнча;
- Талас шаардык аймактык шайлоо комиссиясынын 19.02.2024-ж. №5; 26.02.2024-ж. №6 – Талас облусунун Талас шаардык кеңеши боюнча;
- Талас аймактык шайлоо комиссиясынын 21.02.2024-ж. №1; 26.02.2024-ж. №2 – Талас облусунун Талас районундагы Осмонкулов айылдык кеңеши боюнча;
- Ат-Башы аймактык шайлоо комиссиясынын 21.02.2024-ж. №1; 01.03.2024-ж. №2, №3 – Нарын облусунун Ат-Башы районундагы Ак-Талаа жана Ак-Жар айылдык кеңештери боюнча;
